***DOI:10.26104/NNTIK.2022.1.6.072***

***Акылбекова А.А.***

# ТАМАШАЛУУ АЙТЫШТАРДАГЫ ПОРТРЕТТИК СҮРӨТТӨӨЛӨРДҮН ФУНКЦИЯСЫ

***Акылбекова А.А.***

# ФУНКЦИЯ ПОРТРЕТНЫХ ОПИСАНИЙ В ЮМОРИСТИЧЕСКИХ ПЕСЕННЫХ СОСТЯЗАНИЯХ (АЙТЫШ)

***A. Akylbekova***

# THE FUNCTION OF PORTRAIT DESCRIPTIONS IN HUMORIC OF SONG CONTEST (AITYSH)

*УДК: 080.81.82:78.03 (477.54)*

*Тамашалуу айтыш айтыштын башка түрлөрүнөн айырмаланып, төкмөнүн суроосуна так кесе жооп берүүдөн тышкары атаандашына тике сын коё билүү, ырларын тамашага айлантуу, жагымдуу юморго, кыйытылган какшыкка, ал түгүл калпты чындай кылып эбин таап айта салганга эпчилдиги чоң мааниге ээ. Саналып өткөн өзгөчөлүктөрү бар акындар гана эл көзүнө урунуп, айтышта ар качан жеңишке жетишип келишкен. Айрыкча, акындар аш-тойлордо бири-бири менен айтышып, табышмактатып суроо салуу эли-журттун бүйүрүн кызыткан. Айтыштын бул түрү да элге кеңири жайылып, акындардын ой жүгүртүү масштабы, тапкычтыгы сыналып, эл назарына коюлган. Айтыштын бул түрүндө да портреттик сүрөттөлөр көркөмдүк чоң милдетти көтөрүп жүргөн. Макалада тамашалуу айтыштарда акындар тарабынан колдонулуучу көркөм сөз каражаттары анын ичинде портреттик сүрөтөөлөрдү түзө билүү чеберчилиги талдоого алынган.*

***Негизги сөздөр:*** *төкмө акындар, айтыш, портреттик сүрөттөө, керээз, салтуулук.*

*В отличие от других видов айтыша, юмористический айтыш помимо ответов на вопросы поэта, умение прямо критиковать оппонента, превращать его стихи в шутки, использовать приятный юмор, намекающий сарказм и даже лгать так, как будто это были правдой, имеет большое значение. Только поэты с перечисленными характеристиками всегда завоевывали внимание публики и побеждали в речи. Особенно акыны в словесном соревновании загадывали загадки. Этот тип речи также был широко распространен в народе, диапазон мышления и изобретательность поэтов проверялись и доводились до сведения публики. Даже в этой форме выражения портретные картины несли большую художественную задачу. В статье анализируются художественные средства, используемые поэтами в юмористических выступлениях, в том числе умение создавать портреты.*

***Ключевые слова:*** *поэты-импровизаторы, песенное состязание, портретное описание, благословение, традиция.*

*Unlike other types of aitysh, humorous aitysh does not answer the poet's questions, the ability to directly accelerate the manifestation, turn its elements into jokes, use pleasant humor hinting at sarcasm and even lie as if it were true, is of great importance. Only poets listed above have always won the attention of the public and fascinated in speech. Especially akyns in verbal competition guessed riddles. This type of speech was also widespread among the people, the range of thinking and ingenuity of the poets was tested and brought to the attention of the public. Even in this form of expression, portrait paintings carried a great artistic task. The article analyzes the artistic means used by poets in humorous impressions, including the ability to create portraits.*

***Key words:*** *poets-improvisers, song contest, portrait descryption, blessing, tradition.*

Жаки Таштемиров акындар айтышынын табияты тууралуу мындай белгилейт: «Акындардын айтышы дегендин өзү – жалаң гана куюлушкан ыргактуу курч ыр менен күч сынашуу деген сөз. Сынашуу жай мааниде, кадыресе аракетте өтпөстөн, чымырkануу абалында айыгышкан конфликтке чейин өсүп жетүү чыныгы айтышка мүнөздүү жагдай. Ошол себептүү акындардын айтышы кызыктуу. Топ жыйындарда аш менен тойлордо көпчүлүк элдин ар тараптан үйүлүп келип, акындардын айтышын өтө кумардануу ынтаа менен угуучулар тарабынан жогору бааланган» [1],– деп белгилеген. Окумуштуу таамай айткандай эле курч ыр менен атаандашын чоң аш-тойлордо сөзгө сындырып, таатал суроолорду берип, табышмактатып ыр жаадырып, акырында кордоо деңгээлине чейин түшүп айтышкан учурлар көп болгон.

Негизи эле кыргыз фольклористика илиминин калыптанышында К. Мифтаков, К. Рахматулин, М. Богданова, Т. Байжиев, З. Бектенов, Б. Кебекова, С. Мусаев, Ж. Таштемиров, М. Мамыров, А. Обозканов, М. Көлбаева сыяктуу окумуштуулар айтыш өнөрүнүн жанрдык табияты жана анын түрлөрү тууралуу салмактуу ойлорун ортого салып келген. 1964-жылы С.Мусаев, Ж. Таштемиров, Б. Маленов түзгөн кыргыз адабияты боюнча чыккан китепте айтыштарды маанисине жана эл арасында аткарылып жүрүшүнө карай «адат-салт» жана «акындар айтышы» деп экиге бөлгөнү «адат-салт айтышына» сармерден ж. б. Үлпөттөрдө кезектешип аткарылган ырлар кирерин, ал эми акындардын айтышын – «кайым айтыш», «алым сабак айтыш», «суроолуу айтыш» жана «табышмактуу айтыш» деп төрткө бөлгөн. 1970-жылы чыккан китепке «суроолуу айтыш» кыскарып калган үч тобу көрсөтүлгөн.

Ал эми, акындар чыгармачылыгы боюнча ири адис Т. Саманчин да ырчылар айтышын «кордоо», «алым сабак» жана «табышмактуу айтыш» деп үчкө ажыраткан.

Боордош казак калкынын акындар чыгармачылыгына көңүл бөлсөк. казак акындары Жамбыл менен

Нурпейистин ойлорун ортого салсак, башта буларда – «түре айтыш» жана эл тарыхынан, салт-санаа, көйгөйүн козгоп узакка айтышкан желелүү - «сүрө айтыш» деген эки түрү эле жашап келген экен. Ал эми М.Ауэзов айтышты негизинен сырткы түрүнө карап «кайым өлөң» жана «кара өлөй» деп экиге бөлсө болорун айтат.

В.В. Радлов, Ч. Валиханов, А.А. Диваев, М.Копеев, С. Муканов, М. Ауэзов, Е. Исмаилов ж.б. эмгектерин эске алуу менен казак адабиятында айтыштын «каим айтыш», «сүре айтыш», кийинчерээк (XIX кылымдын экинчи жарымынан) «табышмактуу айтыш» деп бөлүнгөнүн белгилейт.

Кыргыз фольклористикасы боюнча ири адистердин бири Ж. Таштемиров турмуш-салт айтышы, чечендер айтышы, акындар айтышы деп айтышты үчкө бөлүп карайт. Андан акындар айтышы жомокчу, нускоочу, жамакчы болуп бөлүнөрүн белгилейт. Ал эми айтыштын түрлөрү:

1. Алым сабак айтыш
2. Кайым айтыш
3. Табышмак айтыш
4. Суроолуу айтыш
5. Диний айтыш
6. Жазма айтыш деп алтыга бөлгөн.

Ал эми «тамашалуу айтышта» төкмө акын айтып жаткан оюнда чектелбестен, өзү каалаган тематикага багыттап, өз алдынча ырдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Азил, тамашага бардык эле ырчылар жөндөмү болбогондуктан «Калык менен Айдаралынын», «Токтоналы менен Ысмайылдын айтыштарындай» нукура юморлуу «тамашалуу айтыштар» сейрек учурайт.

Бирок ошондой болсо дагы Токтогул, Эшмамбет, Курман ырчынын ортосундагы айтышта тамашалуу учурлары кездешет. Токтогул менен Эшмамбет Анжыян-Аксы тарапка саякаттап чыгып, Ала-Бука чоң суусунун боюнда жашаган Убайдулда деген кишинин тоюна туш келип калышат. Токтогул Убайдулдага ал эми Эшмамбет анын жанында турган адамга тийиштик кылып, алым-сабак кылып төгүп киришет. Токтогул ал-жай сурап, тойдогу окуялар тууралуу айтып, жайынча баштайт. Эшмамбет аты жок мырзага тийишип, минтип ырдап кирет:

**«Аты жок мырзам сөөлөтү,**
**Ак карлуу салкын төрлөрдөй,**
Айдулла бектин жанында,
Ал тургай көркү кем калбай,
**Катын алып бергендей»** [2], - деп ырдай баштайт. Эшмамбеттин: «ал тургай көркү кем калбай; катын алып бергендей» деген ойлорун шап кармап, Курман ырчы минтип жооп кайтарат:

«Катын алып бер дейсиң,
**Кара сакал кыс талак,**
Качан жедим акыңды,
Катын түгүл биздин эл,
Бербейт тыйын бакырды.
Кабарын эч билбейсиң,
**Кара жаак, кайкы тил,**
**Кара Курман акынды»** [2,81-б], - деп сөзгө жыгат. «Акындардын айтышындагы негизги ыктын бири – сөз аңдуу. Кайсы акын болбосун, дайыма айтышка даярданып, «материал топтоп» жүрүү керек, анткени тиги же бул ырчы эртедир-кечтир кулагы чалып, кабарын уккан акындын тегин, уруусун, элиндеги мыктыларын, кимде кандай кемчилик бар экенин алдын ала билип алуу максатка ылайык деп эсептешкен» [3], - деп белгилейт Ж. Таштемиров. Бул жерде Курман ырчы Эшмамбеттин бойдок экенин сезип, анын катын алып бер деп тамаша салып ырдаган сөздөрүн шап кармап алып, өзүнө каршы пайдаланып олтурат. Ырчы Курмандын мындай сөздөрүнө тээригип, Токтогул кой десе болбой Эшмамбет кордоо түрүнө өтүп кетет. Акырында Убайдулда тон жаап, ат мингизип, тынчтыкка чакырат.

Ушундай нуктагы тамашалуу айтыш Токтоналы менен Ысмайылдын ортосунда уланат. Ысмайыл Токтонаалыга:

«Аксакал болдуң балдарга,
Мурутуңду ак чалып,
Сагызгандай сак эле,
Сактанып турат дагы эле» [2, 319], - деп чымчып ырдайт. Ысмайылдын сагызганга салыштырганына теригип:

«Салаваттуу киши эле,
Сагызган дейсиң агаңды.
Сан ноокаттуу куштардын,
Сагызганы болуп калдымбы?» [2, 321], - деп өзүн балта жуутарга салыштырып, чырды баштады деп тийиштик кылат. Андан көрө агаңды ызаат кылып, сакалын сыйлабайсыңбы деп айтат:

«Сакалдуу деп сыйласаң,
Сайдан сайга агаңды,
Сүйрөп турган акың жок» [2, 321], - деп ырдаса,
Ысмайыл минтип тамашалайт:
«Айтып өттүн сакалдан,
Сакалы жок кишини,
Кууйт бекен катардан.
Эки боо кылы ээгинде,
Эчкилер байге ала элек.
Үстү башы кооз деп,
Үпүптү эч ким сала элек.
Көп сакалдуу кишилер,
Көрсөтмөгө бара элек.
Сакалыңды мактанба» [2, 322], - деп жооп кайтарат. Акырында Токтонаалы менен Ысмайыл «Айгышкандай чырдашып; Эл күлсүн деп ырдашып; Өткөрдү сөздүн далайын» деп жыйынтыкташат.

Бул жерде эки акын өздөрү белгилегендей эле мындай айыгышкан ойлорду ортого элди күлсүн деп, бири-бирин тамаша салып олтургандарын акырында

айтып олтурушат. Сагызганга салыштырып, ак сакалды сыйлабайсың деген чычалоого Ысмайыл негиздүү жоопторду таап жатат. «Эки боо кылы ээгинде, эчкилер байге ала элек», - деп ыр таймашта сакалдын узундугуна эмес, ырдын мазмунуна карайт деген ойду кыйытып, бир эсе Токтонаалыга таамай так жооп узатып, Ысмайыл мөөрөйдү алып олтурат. Бирок бул акындардын таймашы идеологиялык максатта элди коммунизм идеяларына үгүттөп, партиянын көрсөтмөлөрү менен барып ырдап жаткандыктан ким утту, ким жеңилди деген көрүнүштөр болгон эмес. Бирок Ысмайыл артыкчылык кылганын көрсөк болот.

Советтик система орной электе кордоо айтышы феодалдык бай-манаптардын ырахаттанып уккан айтыштарынын катарын толуктаган. Ошондуктан айтыштын бул түрү урууучулук-феодалдык салттын эрежеси боюнча ар кимиси өзүнүн уруусун, өзүнүн байларын мактап ырдап, бири-биринин уруусун, манаптарын жана өздөрүн каршылашын да кордоп ырдашкан. Жалаң кордоо айтышы менен таанымал Найманбай, Кулуке, Карамырзага окшогон ырчылар болгон.

Наймайбай менен Эшмамбеттин айтышканы кордоо айтышын мүнөздөп турат. Наймайбай баштаганда эле:

«Эшмамбет деги не дейсиң,
Таластан качып, жөө келген,
**Таманы чор кедейсиң**» [2, 315-бет], - деп социалдык статусун айтып, кемсинтип ырдап, таяке, жээниң болбосо Кетмен-Төбөдө кандай ишиң бар деп кирет. Найманбайдын мындай кадамдары Эшмамбетке абдан катуу тиет.

Найманбай ырын улантып, өзү жөнүндө тааныштырып, баштыгы толтура ыр бар экенин айтып келип,

«Карыма келсем жүгүрөм,
**Каргылуу кара тайгандай,**
Кеп-сөзүм учат дирилдеп,
**Шаманга жүнүн жайгандай**» [2, 420], - деп өзүн тайганга салыштырып ырдаганда эле, өзү тайганга салыштырган жерин баса белгилеп, жини келип калган Эшмамбет тайганга салыштырган портреттик сүрөттөлөрүн төмөнкүдөй мүнөздөйт:

«Тартагай шыйрак, ичке бел,
Тайган деген ит болот.
Тайган деген ач болсо,
Тарпты издеп жеп коет» [2, 319-бет], - деп тайган итке салыштырып, өзүнүн сөзүн өзүнө каршы пайдаланат.

Нусуп деген ажы той берип, кыргыздын булуң бурчунан топ ырчылар чогулуп, Аксыдан Жеңижок, Анжыяндык кыргыздардан Карамырзы, Кетмен-Төбөдөн Токтогул, Эшмамбет, Накен барып калышат. Анжыяндан келген Карамырзы жашы өтүп, улгайып, бир көзү жакшы көрбөй калган Накенди кордоп ырдап кирет:

«Карыя Накен карыпсың,
Карылыкка барыпсың.
Карылыктын үстүнө
**Ак көз болуп алыпсың.**
**Сол көзүңдөн ажырап,**
**Сокур болуп калыпсың.**
**Оозуңда бүдүр тиш калбай,**
**Азуусунан чалыптыр,**
**Оозуңда жалгыз тишиң жок,**
Оңураңдап ырдайсың,
Өнөрүңө ишенип,
Өлмөйүнчө тынбайсың» [ 2, 447-бет], - деп кызылдай эле кордоп киргенде айтылуу булбул Токтогул чучугуна жеткире өзү жооп берет. Токтогул берген жооптун поэтикалык мазмунун жиктеп А. Обозканов мындай ойлорун ортого салган: «Мындагы Токтогулдун жообу беш негизди түзөт. Алгачкы төрт сапта бардык ырчыларды ынтымакта болууга үндөсө; кийинки тизмектерден баштап Карамырзаны орой мүнөзү, ажылдаган адатына карап «чалпоо атка», «кабанаак итке» салыштыра, куп келтире сыноосу, «карыны сыйлабасаң, кадырды да билбейсиң, эмне, атаэнеңди тирүүлөй көргө көөмп, анан мында келдиңби» деген какшыгы орун алган. Үчүнчү бөлүгүнөн тарта ар адамдын өмүр - жашы, күн көрүүсү тагдыр жазмышынын ар башкача болору терең философиялуу чечмеленсе; орто бөлүгүндө – адамдын жаралышы, өлүшү жашоонун диалектикасы экендиги, эгер буга кошулбаса. «атаңдын атасы, энеңдин энеси кана?» деген собол коюлуп; бешинчи бөлүгүндө Карамырзанын акмакчылыгын ашкерелеп, өз жөнүн түшүндүрүп, ырчыларды ыркырашпай, ынтымак менен тарайлы деген бүтүмүн чыгаруу менен Токтогул чынында эле өзүнүн этиканы мыкты билгсн, чоң маданияттуу, ар убак элдин ажатын ачкан ажатчыл, калыс, акылы терең, даанышман, мөл акын экендигин далилдеген [4], - деп жыйынтык чыгарат.

Карамырза Накен карыяны ак көз болуп, сокур болуп калганын, оозундагы тиштери түшүп, азуусу калбай, оңураңдап ырдап калганын шылдыңга алып, кордоп кирет. Бул жердеги Накен карыянын портреттик сүрөттөлөрү атайын кордоо үчүн, шылдыңга алыш үчүн пайдаланылып, өзүнчө бир поэтикалык жүк көтөрүп турат. Деги эле кордоо айтышында адамдын, уруунун же бай-манаптын кемчилигин көрсөтүүдө портреттик сүрөттөлөр чоң милдетти көтөрүп жүргөн.

Жыйынтыктап айта турган болсок, акындар чыгармачылыгыгындагы айтыштын түрлөрүндө портреттик сүрөттөлөрдүн көркөмдүк милдети салмактуу болгонун баамдасак болот. Алым-сабак айтыш, табышмактатып айтыш, санат айтыш, тамашалуу айтыш, кордоо айтышы сыяктуу айтыштын түрлөрүндө портреттик сүрөттөлөрдү байма-бай пайдаланып, спецификалык өзгөчөлүгүнө жараша колдонуп келишкен. Деги эле табышмактатып айтышкан Жеңижок

менен Барпынын, санат түрүндө айтышкан Арстанбек менен Чоңдунун айтыштарында портреттик сүрөттөөлөр жөн гана адам келбетин сүрөттөө менен чектелип калбастан эстетикалык бийик чокуга чыгарып, философиялык терең мазмун ыйгарган. Алардын айтыштарындагы портреттик сүрөттөлөр өзүнчө бир эстетикалык жүк көтөрүп, салмагын арттырып турат.

Деги эле төкмө акындар трагедиялуу тагдырында көргөн азап-тозогун көркөм сөздүн гүлүн терип ырга салып, адамзаттык деңгээлге чейин көтөрүп чыккан. Анткени, тиштериң түшүп, карылыктын келиши менен ата-энеден ажырап калуу, көз жашың төгүү сыяктуу армандуу тагдыр ар бир пенденин башына келе турчу татаал көрүнүш. Айтайын дегеним, Жеңижоктун табышмактатып ырдаган татаал сырларын Барпы акын куш болуп зымырап учуп бараткан өмүрдүн ыргагын портреттик сүрөттөлөр аркылуу эстетикалык деңгээлге чыгарып ырдаган. Бул ыр саптарында айтылгандай портреттик сүрөттөлөр чоң көркөмдүк жүк көтөрүп, акындык өнөрдө чоң салмак артып турарын көрсөтүп олтурат.

**Адабияттар:**


1. Таштемиров Ж. Айтыш табияты: Классикалык изилдөөлөр (Акындар поэзиясы). - Б., 2019. - 147-б
2. Айтыш сериясы. Токтогул, Эшмамбет жана Курман ырчынын айтышы. 1-т. - Б.: Имак-офсет, 2015. - 143-б.
3. Айтыш сериясы. - Б., 3-том. 2015. - 319-б.
4. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. - Б., 2006. - 115-б.